DOI:10.26104/IVK.2019.45

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2019

*Эргешов М.М.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КАЙРА ИШТЕТҮҮ ТАРМАГЫНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК МЕХАНИЗМДЕРИН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЖАНА АЛАРДЫ КЕЛЕЧЕК МЕЗГИЛГЕ БОЖОМОЛДООНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

*Эргешов М.М.*

# ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ РАЗВИТИЯ ЭКОНОМИЧЕСКИХ МЕХАНИЗМОВ ПЕРЕРАБАТЫВАЮЩЕЙ ОТРАСЛИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ИХ ПРОГНОЗ НА ПЕРСПЕКТИВНЫЙ ПЕРИОД

*M.M. Ergeshov*

# THEORETICAL FOUNDATIONS OF THE DEVELOPMENT OF ECONOMIC MECHANISMS OF THE PROCESSING INDUSTRY OF THE KYRGYZ REPUBLIC AND THEIR FORECAST FOR THE LONG-TERM PERIOD

*УДК: 330.012:338:351.773*

*Бул макалада Кыргыз Республикасынын агрардык жана кайра иштетүү тармагындагы экономикалык механизмдерин өнүктүрүүнүн жана аларды келечек мезгилге божомолдоонун теориялык негиздери камтылды. Изилдөөлөр кайра иштетүү тармагын өнүктүрүүнүн туруктуулугуна чарба жүргүзүүнүн уюштуруучулук-экономикалык механизми чечүүчү таасир эте тургандыгын көрсөттү. Уюштуруучулук механизмдерине укуктук-ченемдик актылар; уюштуруучулук-укуктук түзүм; маркетинг; эмгекти уюштуруу; көзөмөл ж.б. кирет. Эконокикалык механизмдерине пландоо, каржылык-насыялык механизм, камсыздандыруу тутуму, экономикалык мамилелер механизмдери, материалдык дем берүү ж.б. кирет. Бул механизмдер өндүрүш технологиясын өркүндөтүү, инновациялык жараяндарды жана интенсификацияны өнүктүрүү маселелерин чечүүдө өндүрүштүк жана эмгектик ресурстарга, кооперацияга жана интеграцияга таасир кылат.*

***Негизги сөздөр:*** *болжолдоо, кайра иштетүү, өндүрүш, эмгек, натыйжалуулук, насыялоо, технология, ишкана, жер, экономика, анализ.*

*В статье изложены теоретические основы развития экономических механизмов в сельскохозяйственной и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики и их прогноз на будущее. Исследования показали, что организационно-экономический механизм управления имеет решающее влияние на устойчивость перерабатывающей отрасли. Нормативно-правовые акты об организационных механизмах; организационно-правовая структура; маркетинг; организация труда; контроль и др. включает в себя. К экономическим механизмам относятся плановые, финансово-кредитные механизмы, система страхования, механизмы экономических отношений, материального стимулирования и другие. Эти механизмы влияют на производственные и трудовые ресурсы, кооперацию и интеграцию в решении вопросов совершенствования технологии производства, развития инновационных процессов и интенсификации.*

***Ключевые слова:*** *прогнозирование, переработка, производство, труд, эффективность, кредитование, технология, предприятие, земля, экономика, анализ.*

*The article describes the theoretical foundations of the development of economic mechanisms in the agricultural and processing industry of the Kyrgyz Republic and their forecast for the future. Studies have shown that the organizational and economic management mechanism has a decisive impact on the sustainability of the processing industry. Regulatory legal acts on organizational mechanisms; organizational and legal structure; marketing; Labour Organization; control, etc. includes. The economic mechanisms include planning, financial and credit mechanisms, the insurance system, mechanisms of economic relations, material incentives, etc. includes. These mechanisms affect production and labor resources, cooperation and integration in addressing issues of improving production technology, developing innovation processes and intensification.*

***Key words:*** *forecasting, processing, production, labor, efficiency, lending, technology, enterprise, land, economics, analysis.*

Кыргызстандын кайра иштетүү тармагында учурда болуп жаткан экономикалык реформалардын өзүнчө бир түрдүүлүгү жана татаалдыгы чарба жүргүзүүнүн так механизминин жана жаңы, заманбап чарба жүргүзүүчү субъектти түптөөнүн жана өнүктүрүүнүн айкын векторунун жоктугунда турат. Талдоо рынок экономикасы атрибуту болуп өзүн-өзү тескөө жана мамлекеттик тескөө саналган өзүнө тиешелүү мыйзамдар боюнча иштээрин көрсөттү. Ошол эле учурда азык-түлүк комплексинин жана кайра иштетүү тармагынын спецификасына ылайык андагы өзүн-өзү

DOI:10.26104/IVK.2019.45



тескөө бардыгын камтып ала тургандай мүнөздө болбосу керек. Ушуга байланыштуу чарба жүргүзүүчү субъекттердин экономикалык туруктуулугун камсыз кылуу максатында чарба жүргүзүүнүн уюштуруучулук-экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн негизинде апааттан чыгуунун жолдорун издөөнүн курч зарылчылыгы жаралат.

“Кайра иштетүү тармагын туруктуу өнүктүрүүнүн экономикалык механизмин түптөөнүн теориялык жана усулдук маселелери каралып жатат, аны өнүктүрүүгө дем берүүнүн уюштуруучулук-экономикалык механизмин аныктоого карата түрдүү көз караштар бар. Учурдагы шарттарды эске алуу менен алардын баары эле жеткиликтүү негизделген эмес. Изилдөөлөр кайра иштетүү тармагын өнүктүрүүнүн туруктуулугуна чарба жүргүзүүнүн уюштуруучулук-экономикалык механизми чечүүчү таасир эте тургандыгын көрсөттү. Уюштуруучулук механизмдерине укуктук-ченемдик актылар; уюштуруучулук-укуктук түзүм; маркетинг; эмгекти уюштуруу; көзөмөл ж.б. кирет. Экономикалык механизмдерине пландоо, каржылык-насыялык механизм, камсыздандыруу тутуму, экономикалык мамилелер механизмжери, материалдык дем берүү ж.б. кирет. Бул механизмдер өндүрүш технологиясын өркүндөтүү, инновациялык жараяндарды жана интенсификацияны өнүктүрүү маселелерин чечүүдө өндүрүштүк жана эмгектик ресурстарга, кооперацияга жана интеграцияга таасир кылат. Ошентип, Кыргызстандын кайра иштетүү тармагынын иштөөсүнүн уюштуруучулук жана экономикалык механизмдери биздин изилдөөлөрүбүздө көздөлгөн максаттын - тармакты өнүктүрүүнүн туруктуулугунун бирдиктүүлүгүнүн позициясынан алгандагы тутум катары каралды” [1, 174-б.]. Мында тармакты өнүктүрүүнүн туруктуулугун түптөөгө бири-бири менен өз ара байланышта болушкан сырткы жана ички факторлордун бүтүндөй комплекси таасир этет. Тармактын өнүгүүсүнө дем берүүнүн натыйжалуу механизмин иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берүүү негизги принциптер болуп төмөнкүлөр саналышат:

1. Чарба жүргүзүүнүн уюштуруучулук-экономикалык механизмин түптөөдө бул:

- акыркы (келчектеги) максаттын абсолюттук артыкчылыгы;
- бардык курамдык бөлүктөрдүн (элементтердин) биримдүүлүгү;
- стратегиялык жана тактикалык маселелердин иерархиясы;
- бөлүмдөрдүн өнүгүүгө, кеңейүүгө, трансформацияланууга, маалыматтардын жыйналуусуна жөндөмдүүлүгү;
- чарба жүргүзүүчү субъекттердин менчик формаларынын жана уюштуруучулук-укуктук формаларынын көп түрдүүлүгү;
- мамлекеттик тескөөнү жана насыя, баа, тарифтер, салыктар, камсыздандыруу, материалдык дем берүү сыяктуу экономикалык рычагдарды кошо алгандагы тармактар аралык жана тармактык уюштуруучулук-экономикалык мамилелерди өркүндөтүү.

2. Материалдык-техникалык базаны түптөөдө бул:

- негизги фонддордун жана, эреже катары, өндүрүштүк жабдуулардын үлүшүн тутумдук түрдө жогорулатуу;
- чыгарылып жаткан продукциянын сакталуучугу;
- кайра иштетүү ишканаларынын техникалык деңгээлин жогорулатуу.

3. Кайра иштетүү тармагынын өндүрүшүнүн ырааттуулугун камсыз кылууда бул:

- үзгүлтүксү өндүрүш жана сырьёну жеткирүү;
- баа механизминин туруктуулугун камсыз кылуу.

Кайра иштетүү ишканаларына сырьёну жеткирүүнүн туруктуулугу көйгөйлөрүн чечүү маселелерин эсепке алуу менен айыл чарбасын жүргүзүү тутуму жаратылыш шарттарынын айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн көлөмдөрүнүн динамикасына тийгизген таасирин нейтралдаштырууга жардам берүүсү керектиги өтө маанилүү.

4. Кооперацияны жана интеграцияны өнүктүрүү айыл чарба продукциясын өндүрүү, транспорттоо жана кайра иштетүү жараянында агроөнөржай түзүмдөрүн түтөөдө турат. Мыйзамдуулукка ылайык бүгүнкү күндө Кыргызстандын кайра иштетүү тармагында акционердик коомдор, агрофирмалар, кооперативдер ж.б. түзүмдөр өтө кеңири таралды, бирок, тилекке каршы, бул жагдай кайра иштетүү тармагын өнүгүүнүн жогоруураак деңгээлине көтөрө алган жок.

5. Инновациялык потенциалды түптөө. Ресурс үнөмдөөчү, экономикалык натыйжалуу, коопсуз алдыңкы технологияларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү сырьёну иштетүүнүн, салттуу жана салттуу эмес продукцияны кайра иштетүүнүн заманбап прогрессивдүү колдонуу менен өндүрүшкө технологиялык жараяндарды жана техниканы түзүүнү жана кеңири киргизүүнү көздө тутат.

Аталган принциптерди классификациялоо жараянында факторлордун төмөнкүдөй негизги топтору

DOI:10.26104/IVK.2019.45



бөлүнүп көрсөтүлдү: ресурстук, экономикалык, уюштуруучулук, рыноктук, социалдык, саясий-укуктук, эл аралык, экологиялык, ошондой эле дем берүү факторлорунун тобу. Ишкананын туруктуу өнүгүүсүнө таасирин тийгизүүчү жогорудагы факторлор менен тең катарда инновация факторун өзүнчө бөлүп кароо керек. Биз аны ресурстук топко коштук, ал чарбалык ишмердүүлүктүн учурдагы өнүгүүсүндөгү эң маанилүү ресурс болуп саналат. Илимий-техникалык прогресстин ылдамдануусунун шарттарында атаандаштыктын күчөшү атаандаштык артыкчылыктардын аракеттенүү мөөнөттөрүнүн кыскаруусу жана рынокту түрдүү секторлорго, микротутумдарга ж.у.с. бөлүү зарылчылыгы менен коштолууда. Ушуга байланыштуу инновациялык ишмердүүлүк ийгиликтин негизги фпктору, а балким ишкананын жашап кетүүсүнүң жападан жалгыз каражаты болуп калууда.

"Кайра иштетүү өнөр жайынын экономикалык механизминин курамдук бөлүгү болуп дем берүүнүн экономикалык механизми саналат, ал, өз кезегинде, түрдүү элементтердин жыйындысынын өз ара аракети катарында болот. Кайра иштетүү тармагына дем берүүнүн экономикалык механизми көптөгөн түзүмдүк элементтерди өз ичине камтыган жетишээрлик татаал категория. Кайра иштетүү тармагын сырткы жана ички таасир этүүлөрдү эске алуу менен өнүктүрүүнү шарттаган тутум түзүүчү факторлордун сунушталган классификациясы өндүрүш резервдерин табууга болгон төмөнкүдөй методологиялык ыктоолорго негизделген болуусу керек:

- өнүгүүнүн туруктуулугунун өзгөчө маанилүү элементтерин сырьёлук базаны түзүү менен байланышта тутумдук талдоо;
- кайра иштетүү тармагынын туруктуу өнүгүүсүнө таасир этүүчү экономикалык механизмдин ролун аныктоо;
- өндүрүш жана сатуу чөйрөлөрүндөгү интеграциялык жараяндарды өнүктүрүү;
- технология өркүндөтүлүүсүнүн негизинде натыйжага жетишүү орун алган байланыштыруучу звено болуп саналган өндүрүштүк жараяндарды факторлорду түзүмдөштүрүүнү эске алууу моделдөө;
- негизги өндурүш күчү болуп саналган адамдын ролун бөлүп көрсөтүү;
- уюштуруучулук-экономикалык жараяндарды башкаруунун жана тескөөнүн ролун жогорулатуу" [2, 52-б.].

Кайра иштетүү өндүрүштөрүн жана ишканаларын сапаттуу башкаруу көйгөйү өтө курч абалда турат. Рыноктук мамилелердин учурдагы өнүгүүсү, кайра иштетүү өндүрүштөрүнүн глобалдашуусу жана алардын дүйнөлүк деңгээлге чыгуусу ишканаларды башкаруунун өз ичине продукциянын сапатын көзөмөлдөөнү да кошкон натыйжалуу, ийкемдүү жана так тутумун талап кылат. Биздин Кыргызстанда продукциянын сапаты азырынча эл аралык стандарттарга жооп бербейт жана катуу атаандаштык күрөштүн шарттарында өндүрүүчүлөрдүн терең көңүл буруусун талап кылат. Өнүккөн өлкөлөрдө кайра иштетүү тармагынын продукцияларынын сапатынын көйгөйү товарлардын сапатына жана коопсуздугуна таасирин тийгизүүчү кооптуу факторлорду баалоону жана башкарууну тутумдук идентификациялоонун Концепциясын киргизүү менен чечилген.

"Азыркы учурда кайра иштетүү тармагынын ишканаларын өндүрүштүк циклди уюштуруунун бизнес-жараяндарынын жана өндүрүш факторлорун эске алуу менен башкаруу моделинин спецификасын эске алган сапаттуу башкаруу көйгөйлөрүнө арналган илимий изилдөөлөдүн жетишсиздиги бар. Бул маселелерди чечүү продукциянын баасын түзүүнүн, өндүрүштүк комплекстердин рентабелдүүлүгүнүн жана акыр аягы Кыргыз Республикасындагы кайра иштетүү өндүрүштөрүн экспорттук-импорттук өнүктүрүүнүн андан аркы саясатын көп жагынан аныктайт. Андыктан башкаруу тутуму атаандаштык саясатты иштеп чыгууну, технологиялык жана адистик потенциалды өнүктүрүүнү, чарбалык мамилелердин келечектүү формаларын, өндүрүштүк кубаттуулуктарды модернизациялоону камсыз кыла тургандай түрдө тургузулуусу керек. Кайра иштетүү ишканаларын башкаруунун бар болгон тутумдарын изилдөө аларды тармактын ишканаларын башкаруунун сапаттуу жаңы тутумун түзүү багытында өркүндөтүүнүн зарылдыгы жөнүндөгү тыянакты чыгарууга мүмкүнчүлүк берди. Илимий адабияттарда бул көйгөй азарынча жетишээрлик деңгээлде изилдене электигин белгилей кетүү керек" [3, 94-б.].

Кайра иштетүү тармагынын ишканаларында андан аркы иштетилүүсү керек болгон азык-түлүк сырьёсу же азык-түлүк продукту жана консерва, май, сыр, эт азыктары ж.у.с. түздөн-түз колдонууга даяр болгон азык-түлүк продукту өндүрүлөт. Кайра иштетүү тармагы – бул азык-түлүк багытындагы өндүрүлгөн акыркы продукттун керектелүүчүлүк маанисинин бирдиктүүлүгү менен мүнөздөлгөн, эреже катары айыл чарбасында өндүрүлгөн сырьёну кайра иштеткен жана машина жана аппараттардын тутуму түрүндөгү спецификалуу материалдык-техникалык базага жана азык-түлүк даярдоочу адистердин тиешелүү курамын

DOI:10.26104/IVK.2019.45



ээ болгон бир тектүү кайра иштетүүчү ишканалардын жыйындысы. Албетте, анда тамеки, спирттик, алкоголдуу, ликерлүү ичимдиктер, вино жасоонун, сыра кайнатуунун продукцияларын кантебиз деген каршы ойлор болуусу мүмкүн. Бул тармактардын продукциялары (тамекиден жасалган буюмдар, спирт, арак) азык-түлүк продукттарынан алыс же тамак-аш даамдуу продукт (вино, пиво) деп айтуулары мүмкүн. Албетте, бул ушундай, бирок бул тармактар эл чарбасынын башка каалагандай тармагынан көрө тамак-аш өндүрүшүнө жакын. Кыргыз Республикасында орноп калган практика боюнча алкоголь жана тамеки өнөр жайын тамекилик-ферментациялык, спирттик, винону алгачкы ачытуу сыяктуу кайра иштетүү звеносунда да, ликердук-арактык, сигареттик, сыра кайнатуучулук сыяктуу акыркы иштетүү звеносунда да кайра иштетүү тармагына кошушат. Бул нерсе өзүн өзү актайт. Анткени бул тармактын продукциялары адамдын ички керектөөсү үчүн пайдаланылат, а демек, аларды даярдоого болгон спецификалуу талаптар каалагандай азык-түлүк продуктун даярдоого коюлуучу талаптардай эле болуусу керек [4].

Кыргызстандын кайра иштетүү тармагы бүгүнкү күндө кайра түзүүлөрдүн баштапкы этабында турат. Айыл чарба жана кайра иштетүү ишканаларынын продукцияларынын айрым түрлөрүнүн акыркы жылдарда байкалып жаткан өсүүсү сарптуу мүнөзгө ээ болуп, алардын жумушунун натыйжалуулугун жогорулатууну камсыз кыла албайт. Кайра иштетүү тармагынын бардык чөйрөлөрүндөгү өндүрүштүн натыйжалуулугунун төмөндөө тенденциясы орноп калды жана ал азырынча жоюла элек. Мындай абалдын туруп калуу себептеринин бири ресурстук потенциалды сапаттуу жаңылоодо жана колдонууда прогресстин жоктугу болуп саналат. Алсак, эт жана сүт өнөр жайынын өндүрүшүнүн баасын божомолдоо үчүн, анын бир башты күтүүгө жана өндүрүмдүүлүккө кеткен чыгымдардын деңгээлине тийгизген таасирин аныктоо керек. Ошондой эле продукциянын өздүк наркына дүң продукциянын көлөмү, түшүмдүүлүк, продукциянын коопсуздугу, эмгек, жер жана өндүрүштүн материалдык сыйымдуулугу сыяктуу факторлор таасир этет. Жумушчулардын материалдык кызыкчылыгы, технология, эт жана сүт азыктарын өндүрүштүн адистештирилиши жана концентрациясы, үнөмдүүлүк жана сарамжалдуулук эң маанилүү ролду ойнойт, бул тоюттун толук жана салмактуу азыктандыруу аркылуу ашыкча сарпталышын жоюуда көрүнөт. Чарбада тоютту пайдалануу маселелерин чечүүдө эт-сүт өнөр жайынын дүң продукциясынын максималдуу көлөмү же таза киреше сыяктуу оптималдуулук критерийлерин колдонуу максатка ылайыктуу [5].

Башка критерийлер дагы мүмкүн, мисалы, эт-сүт өнөр жайынын дүң продукциясынын тоют чыгымдарын, тоютту жана тоютту сатып алууну, кадимки тоют күндөрүн эсептен чыгарган эң жогорку чеги.

Алынган корреляциялык-регрессиялык модель ички дүң продуктунун деңгээли кандайча өзгөргөнүн көрсөтөт. Каралып жаткан факторлордун бардыгынын өзгөрүүсүндө, алынган моделди колдонуп, дүң ички продукттун келечектеги мезгилге карата деңгээлин болжолдоого болот.

Эт-сүт тармагындагы экономикалык өсүштүн факторлорунун дагы бири – бул малдын генетикалык потенциалын жакшыртуу жана аны пайдалануу. Бул өз кезегинде асыл тукум ишин өркүндөтүү, асыл тукум чарбалардын материалдык-техникалык базасын өркүндөтүү, үйүрлөрдүн жана популяциялардын тукум куума сапаттарын жогорулатууну камсыз кылуу боюнча иш-чаралардын тутуму жөнүндөгү маселени көтөрөт. Акыркы жылдарда жүргүзүлүп жаткан илимий-изилдөө иштери селекциялык-асыл тукум иштерин, өндүрүштүн биологиялык каражаттарын өркүндөтүү, жаныбарлардын генетикалык потенциалын жогорулатууну, тоютту эт-сүт өнөр жайынын продуктусуна айландыруунун эффективдүүлүгүн, мал чарба азыктарын өндүрүүнүн сапатын, көлөмүн кандайча камсыз кылып жаткандыгын көрсөтүүдө.

**Литература:**

1. Мусакожоев Ш. Современные проблемы экономики [Текст]: Сборник научных трудов / Ш. Мусакожоев; Кыргызский экономический универт. - Б.: 2016. - 156 б.
2. Арзыбаев А.А. и др. Международные стандарты финансовой отчетности. - Бишкек, 2016. - 320 с.
3. Жоробаев М.Г. О проблемах повышения устойчивости возделывания сельскохозяйственных культур [Текст] / М.Г. Жоробаев // Наука сегодня: постулаты прошлого и современные теории как механизм эффективного развития в условиях кризиса: материалы международной научно-практическ конферен. - СПб., 2016. - С.179-182.
4. Кыргызстан в цифрах. Стат.сбор. - Бишкек: 2019 -327 с.
5. Социально-экономическое положение: Стат. сбор. Нацстаткома Кыргызской Республики. - Б.: Учкун. 2019.